КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы № 79 токтомуна ылайык
КҮЧҮН ЖОГОТТУ

Кыргыз
Республикасынын
Өкмөтүнүн 2013-жылдын

3-майындагы № 236
токтому
менен бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги жөнүндө**
**ЖОБО**

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 30-марты № 168, 2015-жылдын 2-июлу № 433, 2015-жылдын 7-декабры № 834, 2016-жылдын 24-мартындагы № 142 , 2016-жылдын 12-декабрындагы № 653 , 2019-жылдын 27-августундагы № 430 , 2019-жылдын 9-сентябрындагы № 462 токтомдорунун редакциясына ылайык)*

**1. Жалпы жоболор**

1. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги (мындан ары - Министрлик) маданият, маалымат жана туризм чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жүргүзүүгө ыйгарым укук берилген аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органы болуп саналат.

2. Министрлик өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин, Кыргыз Республикасы катышкан, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктун актыларын, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

3. Министрлик юридикалык жак болуп саналат, анын Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби түшүрүлгөн, мамлекеттик жана расмий тилдерде аталышы жазылган мөөрү, штампы, бланктары, өз алдынча балансы, Казыналык тутумунда алыш-бериш эсеби бар.

4. Министрлик ведомстволук уюмдарды башкарууга катышат жана Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана туризм мамлекеттик мекемелеринин уюштуруучу функцияларын жана ыйгарым укуктарын ишке ашырат.

5. Борбордук аппаратты, ведомстволук бөлүмдөрдү, республикалык, облустук, раондук мекемелерди жана аймактык органдарды раондук деңгээлдеги күтүүгө кеткен чыгымдарды каржылоо бюджеттик сметанын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каржылоо булактарынын негизинде республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 2-июлу № 433, 2016-жылдын 12-декабрындагы № 653 токтомдорунун редакциясына ылайык)*

## 2. Министрликтин максаты

6. Министрликтин ишинин максаты маданият, маалымат жана туризм чөйрөсүн туруктуу өнүктүрүү болуп саналат.

## 3. Министрликтин милдеттери

7. Министрликтин маданият, маалымат жана туризм чөйрөсүндөгү милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- маданият, маалымат жана туризм чөйрөлөрүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;
- тарыхый-маданий мурастарды сактоо, пайдалануу жана өнүктүрүү;
- элдик чыгармачылыкты өнүктүрүү, жарандардын маданий турмушка катышуусу жана калктын бош убактысын уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;
- Кыргыз Республикасында маданият жана маалымат чөйрөсүндөгү бирдиктүү маалымат мейкиндигин түзүүнү камсыз кылуу;
- жалпыга маалымдоо каражаттарын, полиграфия ишканаларын өнүктүрүү, китеп чыгаруу жана полиграфия продукцияларын жайылтуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- туризм объекттерин жана инфраструктураларын өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу инвестициялык шарттарды түзүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- туристтик сектор көрсөтүүчү кызматтардын сапатынын жогорулашына көмөк көрсөтүү;
- туризм үчүн жагымдуу өлкө катары Кыргызстандын кадыр-баркын калыптандыруу жана колдоо.

## 4. Министрликтин функциялары

8. Министрлик жүктөлгөн милдеттерди аткаруу максатында төмөнкү функцияларды ишке ашырат:

- Министрликтин компетенциясына таандык маселелер боюнча ченемдик укуктук актылардын жана эл аралык келишимдердин долбоорлорун иштеп чыгат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизет;
- республикалык бюджеттин долбоорлорунун маданият, маалымат жана туризм чөйрөсүн каржылоого тиешелүү бөлүгүн түзүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат;

- Министрликтин милдеттерине кирген маселелер боюнча мамлекеттик жана тармактык программаларды иштеп чыгып жана ишке ашырат;

- өз компетенциясынын чегинде маалыматты жыйноону жана маалыматтык-талдоо материалдарын даярдоону, эксперттик жана болжолдуу баа берүүлөрдү ишке ашырат;

- эл аралык жана республикалык маанидеги тарыхый-маданий мурас объекттерин каржылоо, эсепке алуу, аныктоо, изилдөө, күтүү, консервациялоо, реставрациялоо, регенерациялоо, музейлештирүү, пропагандалоо боюнча сунуштарды иштеп чыгат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизет;

- маданият, маалымат жана туризм чөйрөсүндөгү тармактык жана тармактар аралык мамлекеттик башкаруу тутумун өркүндөтүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана ишке ашырат;

- жалпы коммуникациялар, жалпыга маалымдоо каражаттары, басма жана полиграфия иши жаатындагы социалдык маанилүү долбоорлорду мамлекеттик колдоо чаралары жөнүндө сунуштарды иштеп чыгат;

- Министрликтин борборлоштурулган иш-чараларынын каражаттарын бөлүштүрүү механизмдерин түзөт жана аныктайт, алардын максаттуу пайдаланылышын камсыз кылат;

- тескеген чөйрөлөрдөгү эмгек ресурстарына керектөөлөрдүн болжолун ишке ашырат;

- бардык категориядагы эстеликтердин сакталышына коркунуч туудурган ишти токтотот же тыюу салат;

- маданият жана искусство объекттерин жана чыгармаларын паспорттоштурууну жана инвентаризациялоону жүргүзөт;

- товарлардын экспортуна жана импортуна эксперттик корутундуларды берет;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых институтунун Талаа комитети тарабынан берилүүчү ачык баракчаларды каттоону ишке ашырат;

- мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан өзүлөрүнүн аймагындагы бардык категориядагы эстеликтерди аныктоо, изилдөө, сактоо боюнча иш-чаралардын аткарылышын камсыз кылуучу шаарларды жана башка калктуу конуштарды пландоо, куруу, реконструкциялоо долбоорлорун иштеп чыгууда жана бекитүүдө тарыхый-курулуш таяныч пландарын жана карта-схемаларын макулдашууну ишке ашырат;

- Министрликтин милдеттерине кирген чөйрөлөрдө маданий баалуулуктардын реестрин түзөт;

- мамлекеттик маданий жана искусство мекемелерин колдоо жана өнүктүрүү боюнча көркөм-эксперттик кеңеш түзөт;

- Кыргыз Республикасынын материалдык эмес маданий мурастарынын элементтеринин тизмегин иштеп чыгат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бекитүүсүнө киргизет;

- Кыргыз Республикасынын материалдык эмес маданий мурастарынын элементтерин аныктоону, эсепке алууну, коргоону жана пайдалануу эрежесин сактоону камсыз кылат;

- жалпыга маалымдоо каражаттары жана мезгилдүү басылмаларды, ошондой эле электрондук маалымат каражаттарын жайылтуу жаатындагы абалга талдоо жүргүзөт;

- республикадагы туризмдин абалын изилдейт, жалпылайт жана талдайт, Кыргызстанда туризмди өнүктүрүүнүн негизги стратегиялык багыттарын аныктайт;

- өз компетенциясынын чегинде мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана маалымат агенттиктеринин ишин координациялайт;

- Министрликтин ведомстволук бөлүмдөрүнүн, мекемелеринин жана аймактык бөлүмдөрүнүн, анын ичинде маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү мекемелеринин ишин координациялайт жана контролдойт;

- тарыхый жана маданий эстеликтерди коргоо маселелери боюнча башка мамлекеттик органдардын ишин координациялайт жана контролдойт;

- материалдык эмес маданий мурастардын элементтеринин абалына мониторинг жүргүзөт;

- материалдык эмес маданий мурастардын ар түрдүү элементтерин идентификациялоону жана аныктоону ишке ашырат;

- тейлеген тармагына ылайык укуктук пропаганда боюнча иш-чараларды өткөрөт;

- тарыхый жана маданий эстеликтердин пайдаланылышына жана аларды күтүү тартибине, эстеликтерди консервациялоо, реставрациялоо, оңдоо, музейлештирүү жана регенерациялоо боюнча иштердин аткарылышына белгиленген тартипте мамлекеттик контролду ишке ашырат;

- ички контролдоо тутумун өркүндөтүү жана өнүктүрүү максатында Министрликтин компетенциясына кирген чөйрөлөрдө финансылык, эсепке алуу, администрациялык, долбоордук процесстерге жана башкаруучулук маалыматка ички аудит жүргүзөт;

- Кыргыз Республикасынын музей фондунун, ошондой эле тарыхый-маданий мурас объекттерине кирген китепкана фонддорунун абалына жана сакталуу шарттарына мамлекеттик эсепке алууну жана контролдоону ишке ашырат;

- туризмди өнүктүрүүгө чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу боюнча сунуштарды даярдайт жана туризм тармагына чет өлкөлүк капиталдын келишине ыңгайлуу шарттарды түзүү боюнча сунуштарды киргизет;

- Кыргыз Республикасынын аймагында туризм чөйрөсүндө иштеген юридикалык жана жеке жактар тарабынан ченемдик укуктук актыларды сактоо

маселелери боюнча маалыматтык, методикалык жана консультациялык жардамдарды көрсөтөт;

- туристтик объекттердин абалына, аларды туура пайдаланууга, сактоого жана калыбына келтирүүгө мониторинг жүргүзөт;

- Министрликтин компетенциясына кирген тармактарда кызматташтык жөнүндө эл аралык келишимдерди ишке ашырат;

- маданият маселелери боюнча чыгармачылык бирликтер жана менчигинин түрүнө карабастан башка уюмдар менен өз ара аракеттенет;

- искусствонун жаңы чыгармаларын (театралдык, музыкалык, хореографиялык, көркөм өнөр, монументалдык, декоративдүү-колдонмо, кинематография, архитектура, адабият, концерттик программаларды жана башка) жаратууга жана маданий кызматтарды көрсөтүүгө юридикалык жана жеке жактар үчүн максаттуу чыгармачылык тапшырыктарды (анын ичинде конкурстук негизде) жайгаштырат;

- маданият кызматкерлерин кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча ишти уюштурат;

- маданий, искусство объекттерин куруу, долбоорлоо, капиталдык жана учурдагы оңдоо боюнча ведомстволук бөлүмдөргө, мекемелерге жана аймактык органдарга көмөк көрсөтөт;

- маданий, искусство, маалымат жана туризм чөйрөсүнүн кызматкерлерин сыйлоонун тармактык тутумун иштеп чыгат;

- маданий объекттерге "улуттук" жана "академиялык" макамын берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө белгиленген тартипте сунуш киргизет;

- мыйзамдарга ылайык Министрликтин архивдик документтерин комплекттөө, сактоо, эсепке алуу жана пайдалануу боюнча ишти жүзөгө ашырат;

- жок болуп кетүү коркунучу алдында турган материалдык эмес маданий мурас чөйрөсүндөгү илимий, техникалык жана искусство таануу изилдөөлөрүнө көмөк көрсөтөт;

- *(абзац КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 27-августундагы № 430 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

- ведомстволук бөлүмдөрдүн, мекемелердин жана аймактык бөлүмдөрдүн кызматкерлеринин сынактарын, аттестацияларын, квалификациялык экзамендерин өткөрөт;

- маданият, искусство жана туризм мекемелерин модернизациялайт, техникалык жана технологиялык деңгээлин жогорулатат;

- эл аралык жана республикалык иш-чараларды, фестивалдарды, акцияларды, көргөзмөлөрдү, сынактарды, семинарларды, конференцияларды өткөрүүгө көмөк көрсөтөт;

- тарыхый жана маданий эстеликтери бар шаарлардын жана башка калктуу конуштардын пландоо, куруу жана реконструкциялоо долбоорлорун макулдашууга белгиленген тартипте катышат;

- республиканын туристтик уюмдарына алардын инвестицияларды тартуу үчүн туризм чөйрөсүндөгү бизнес-долбоорлорун илгерилетүүгө, чет өлкөлүк өнөктөштөр менен инвестициялык байланыштарын өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт;

- туристтик кызмат көрсөтүү базарында атаандаштыкты өнүктүрүүгө жана туристтик иштин бардык субъекттери үчүн бирдей шарттарды түзүүгө көмөк көрсөтөт;

- маданият жана искусство чөйрөсүн кесипкөй кадрлар менен камсыз кылууга көмөк көрсөтөт.

*(КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 24-мартындагы № 142, 12 декабря 2016 года № 653 , 2019-жылдын 27-августундагы № 430 , 2019-жылдын 9-сентябрындагы № 462 токтомдорунун редакциясына ылайык)*

## 5. Министрликтин укуктары

9. Министрлик төмөнкүлөргө укуктуу:

- маданият, искусство, маалымат жана туризм маселелери боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизүүгө;

- Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги менен макулдашуу боюнча анын компетенциясына кирген маселелер боюнча эл аралык келишимдерди түзүү тууралуу сунуштарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизүүгө;

- мыйзамдарда белгиленген тартипте Министрликтин иши үчүн эл аралык жана башка уюмдардын гранттарын тартууга;

- Министрликтин иш чөйрөсүнө тиешелүү маалыматты Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, уюмдардан жана ишканалардан, кызмат адамдарынан жана жарандардан белгиленген тартипте суроого;

- иштин белгиленген чөйрөсүндө координациялык жана кеңешүүчү органдарды (кеңештерди, комиссияларды, топторду), анын ичинде ведомстволор аралык органдарды түзүүгө;

- ведомстволук бөлүмдөрдү, мекемелерди жана аймактык бөлүмдөрдү түзүү, кайра уюштуруу, жоюу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна сунуштарды киргизүүгө;

- ведомстволук бөлүмдөр, мекемелер жана аймактык органдар тарабынан финансылык тартиптин сакталышына, алардын материалдык жана акчалай каражаттарды максаттуу багыты боюнча пайдаланышына текшерүү жүргүзүүгө, чыгымдардын сметасын бекитүүгө жана алардын аткарылышын контролдоого;

- шаарлардын жана райондордун маданият башкармалыктары жана бөлүмдөрү, ведомстволук бөлүмдөрү, мекемелери жана аймактык органдары кабыл алган Кыргыз Республикасынын мыйзамына каршы келген актылардын колдонулушун токтотууга;

- мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана маалымат агенттиктеринин иштерин координациялоого;

- жалпыга маалымдоо каражаттарын жана маалымат агенттиктерин түзүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш киргизүүгө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка укуктарды ишке ашырууга.

## 6. Министрликтин ишин уюштуруу

10. Министрлик маданият, искусство, маалымат жана туризм чөйрөсүндөгү кызматчыларды жана кызматкерлерди мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктарга көрсөтүү жөнүндө материалдарды даярдайт.

11. Министрликти Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу министр башкарат.

12. Министр Министрликке жүктөлгөн милдеттердин аткарылышына жана иштин белгиленген чөйрөсүндө мамлекеттик саясаттын ишке ашырылышына жеке жоопкерчилик тартат.

13. Министр:

- Министрликтин, анын коллегиясынын, борбордук аппаратынын, ведомстволук бөлүмдөрүнүн, мекемелеринин жана аймактык органдарынын ишине жалпы жетекчилик кылат жана Министрликке жүктөлгөн милдеттердин аткарылышына жоопкерчилик тартат;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Кыргыз Республикасынын аймагындагы чет мамлекеттердин жана Кыргыз Республикасынын ишканалары, мекемелери жана уюмдары менен мамилелерде Министрликтин атынан чыгат, өз ыйгарым укуктарынын чегинде Министрликтин компетенциясына кирген маселелер боюнча өз ара аракеттенүү жана кызматташуу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Жобого ылайык Министрликтин тутумунда аткаруу үчүн милдеттүү буйруктарды жана буюрмаларды чыгарат;

- министрдин орун басарлары, Министрликтин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт;

- Министрлик тутумунун өзгөчө айырмаланган кызматкерлерин мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоого белгиленген тартипте сунуштайт, моралдык жана материалдык сыйлоонун башка чараларын колдонот, анын ичинде ведомстволук сыйлыктар менен сыйлайт;

- мыйзамдарда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин номенклатурасына кирген ведомстволук бөлүмдөрдүн жана мекемелердин жетекчилерин кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Премьер-министрине сунуш киргизет;

- министрдин номенклатурасына кирген аймактык органдардын жана ведомстволук, ошондой эле башка кызматкерлерди белгиленген тартипте кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот;

- статс-катчынын сунушу боюнча Министрликтин борбордук аппаратынын, ведомстволук бөлүмдөрүнүн, аймактык органдарынын кызматкерлерин мыйзамда белгиленген тартипте кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот;

- ведомстволук бөлүмдөрдүн, мекемелердин жана аймактык органдардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келген буйруктарынын колдонулушун токтотот;

- Министрликтин борбордук аппаратынын, ведомстволук бөлүмдөрүнүн, мекемелеринин жана аймактык органдарынын түзүмүн бекитет, анын өзгөрүүсү Министрликтин милдеттерин жана функцияларын өзгөртүү менен гана байланыштуу болушу мүмкүн. Мында министрди кызматка дайындоо Министрликтин түзүмүн өзгөртүү үчүн негиз болуп саналбайт;

- эмгек акы фондунун жана чектик санынын белгиленген чегинде Министрликтин борбордук аппаратынын, ведомстволук бөлүмдөрүнүн, мекемелеринин жана аймактык органдарынын штаттык ырааттамасын бекитет;

- Министрликтин борбордук аппаратынын, ведомстволук мекемелеринин жана аймактык органдарынын түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жоболорду бекитет;

- Министрликтин ведомстволук бөлүмдөрү жөнүндө жоболордун долбоорлорун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бекитүүсүнө берет;

- өз компетенциясынын чегинде сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жана ведомстволор аралык мүнөздөгү эл аралык келишимдерге кол коюуга укуктуу;

- Министрликтин милдеттерине кирген маселелер боюнча ЮНЕСКО иштерине карата Кыргыз Республикасынын Улуттук комиссиясынын ишине катышат;

- Министрликтин кызматкерлеринин өкүлчүлүктүү органы менен жамааттык келишимге кол коет;

- министрдин номенклатурасына кирген кызматтардын тизмегин, алардын иш-милдеттерин аныктайт жана бекитет;

- Министрликтин иш-чараларын ишке ашырууга бөлүнгөн каражаттардын максаттуу пайдаланылышын контролдойт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат;

- мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен макулдашуу боюнча Министрликтин компетенциясына кирген тармактык саясат маселелери боюнча иш-милдеттерди аткарууну статс-катчыга жүктөйт.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 7-декабры № 834 токтомдун редакциясына ылайык)*

14. Министрликте статс-катчынын жогорку административдик кызмат орду түзүлгөн. Статс-катчыны кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу тартиби, функциялары жана ыйгарым укуктары мамлекеттик кызмат жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталат.

15. Министрдин орун басарлары болот.

16. Министрдин орун басарлары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кызматка дайындалышат жана кызматтан бошотулушат, түздөн-түз министрге баш ийишет жана аларга жүктөлгөн милдеттердин чегинде Министрликтин ишин уюштурушат.

17. Министрликте 17 адамдан турган коллегия түзүлөт, анын курамына министр (коллегиянын төрагасы), статс-катчы, министрдин орун басарлары, ведомстволук бөлүмдөрдүн жетекчилери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын өкүлү, маданият, маалымат жана туризм ишмерлери кирет.

18. Министр, статс-катчы, министрдин орун басарлары жана ведомстволук бөлүмдөрдүн жетекчилери коллегиянын курамына кызматтары боюнча киришет. Министрликтин коллегиясынын жеке курамы министрдин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан бекитилет.

19. Коллегиянын иши министрдин буйругу менен бекитилген Коллегия жөнүндө жобо менен аныкталат.

20. Министрликтин ишине коомдук мониторинг жүргүзүү максатында консультативдик-байкоочу орган түрүндөгү, коомдук негизде иштеген Коомдук кеңеш түзүлөт.

*(КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 30-марты № 168 токтомдун редакциясына ылайык)*

## 7. Корутунду жоболор

21. Министрликти кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.